“БЕКИТЕМИН”
А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик
педагогикалык университетинин ректору,
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Б.Б. Зулуев ____________
“ 04 ” 03 2024-жыл

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

**1. Ишке ашыруунун автору:** Манашева Кенжегүл Пазыловна.

**2. Илимий - изилдөө иши:** “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы.

13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методткасы.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү төмөнкүчө:**

Изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан илимий – теориялык жоболордун негизинде практикалык сунуштарды дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери аныкталгандыгында:

-дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик даярдыгын атайын көндүмдөр аркылуу калыптандыруу үчүн колдонулат;

- заманбап окутуу технологиялары аркылуу дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында колдонууну негиздейт;

- тандалган спорттун түрү иштелген контролдук иштердин жыйнагы, интерактивдүү компьютер аркылуу окутуу программа студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонууга сунушталат.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардан илимий жаңылыгы төмөнкүдөн турат:**

- дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий – теориялык негиздери аныкталды;

- тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн модели түзүлдү;

- дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүч компоненттери иштелип чыкты;

- түзүлгөн моделдин натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерилди жана жыйынтыкталды Кыргыз улуттук оюндары боюнча атайын педагогикалык адабияттар талданып, аларды дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздери ачыкталган.

**3. Бул иш:** Бул изилдөөнүн жыйынтыгында алынган материал дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздеринин максатын ийгиликтүү ишке ашырат. Жалпыга маалым болгондой, бул изилденүүнү окугандарды ар тараптуу өнүктүрөт. Биз жүргүзгөн педагогикалык эксперимент учурунда анык тастыкталды.

**4. Кыскача аннотация:** Изилдөөнүн методологиялык негизи болуп Кыргыз Республикасында жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн азыркы концепциялары, инсандын ишмердүүлүгү жана чыгармачыл маңызы, анын өнүгүүсү жөнүндөгү концептуалдуу жобо; инсанга багытталган билим берүү концепциясы; окутуу процессин компетенттүү негизде уюштуруу жана билим берүү технологияларын өсүп – өнүктүрүү, калыптандыруу идеялары, окуу ишмердүүлүк процессиндеги аң – сезимдүүлүктү жана активдүүлүктү айкалыштыруу демилгеси түзөт.

**5. Ишке ашыруунун натыйжасы:** Диссертациянын жалпы мазмунунда дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогиакалык негиздерин коюуга шарт түздү. Мында анын жардамы менен бул маанилердин ичинен өзгөчө курч жана практикалык зарыл маанилер аныкталган.

Изилдөө 3 этапта жүргүзүлгөн:

**Биринчи бапта:** Дене тарбия багытындагы окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн азыркы замандын проблемасы катары изилденген.

Жогорку окуу жайларында дене тарбия багытындагы мугалимдерин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык ыкмалары каралган. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели сунушталган.

**Экинчи бапта**: Педагогикалык эксперименттин негизги милдеттери жана усулдары берилип, педагогикалык эксперимент иштин жыйынтыктары чагылдырылган.

**Үчүнчү бапта: -** Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн өзгөчөлүктөрү белгиленген.

- дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн инновациялык жана интерактивдик ыкмаларды колдоонуунун маанилүүлүгү каралган.

- дене тарбия мугалимдерин даярдоодо адистик компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык шарт катары үзгүлтүксүз практиканын орду каралган.

**6.Коргоого койулган жоболор:**

- дене тарбия багытында окуган студенттерди тарбиялоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну;
- тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели;

-тогуз коргоол боюнча кесиптик компоненттерин калыптандыруунун критерийлерин, деңгээлин, көрсөткүчтөрүн практикада ишке ашыруунун жыйынтыктары;
-педагогикалык эксперименттин мазмуну жана жыйынтыгы.

**7.Изилдөөчүнүн өздүк салымы:**

- Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетентүүлүгүн калыптандырууда илимий изилдөөлөргө талдоо жасалды;
-тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда теориялык модель түзүлдү.
-тогуз коргоол боюнча компетентүүлүк денгеелинин көрсөткүчтөрү жана компоненттери иштелип чыкты.
-диссертациялык изилдөөнүн негизинде алынган натыйжалар ондон ашык эмгектерде чагылдырылып,дене тарбия багытындагы педагогикалык адистеринин студенттерин тогуз коргоол боюнча кесипке дардоодо окуу программаларына кошумча киргизүү сунушталды.

**8.Изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоо жана жайылтуу**.

Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары КМДТжСАда жана А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде талкууланды. Автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар Кыргызстанда жана коңшу мамлекеттерде педагогикалык, илимий – методикалык журналдарында жарыяланган макалаларда чагалдырылды.

**Комиссиянын төрагасы:**

А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик

Педагогикалык университетинин дене

тарбия факультетинин деканы, ага окутуучу: А.Ш.Капаров

Окуу бөлүмүнүн башчысы : Э.Абдувалиев

КМДТжСА нын

окуу бөлүмүнүн башчысы: А.К. Шериппаева

Комиссиянын мүчөлөрү: К.П.Кудайкулов

Б.А.Эрбатыров

Изденүүчү: К.П.Манашева

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
ТАСТЫКТАЙМЫН
«_____»__________20____ж.г.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Кадыралиева А.Б.